

*Атасы Берк уулу Раззак, энеси Сайып кызы Жамыйла Лейлек районундагы Коросон кыштагында туулган. Алар баш кошкон соң, 1910-жылы күзгө жуук тосурайган бакыраң көз уулдуу болушат. Үч жашында ал энесинен, сегиз жашында атасынан айрылып, тоголок жетим калат. Кожентгеги балдар үйүндө, кийин Ташкендеги интернатта тарбияланат. Азандагы Исак деген аты Исхак, туулган күнү 25-октябрь делип жазылып калат. 1938-жылы Москвадагы пландоо институтун бүтүрүп, Ташкенге келет. 29 жашында Өзбекстан мампланынын председателинин орунбасары, председатели, 31 жашында Эл Комиссарлар Советинин Председателинин орунбасары, ошону менен кошо Агартуу эл комиссары да, 34 жашында Өзбекстан КП (б) БКнын пропаганда боюнча катчысы болот.*

# ИСХАК РАЗЗАКОВ

Боордош өзбек калкынын атактуу уулу **Усман Юсупов** (1900-1966) **И.Сталин менен жолугушканда:** "Биздин республикалык партиялык уюм келечеги кең бир кыргыз жигитин тарбиялап келатат. Кыргызстанда жергиликтүү жетекчи кадрлар жетишпейт. Даярдыгы бар ошол бышыккан коммунист Кыргыз ССРине жетекчи кызматка которулса эң жакшы болоор эле",- дегенде, улут маселесине кылдат да, устат да И.Сталин бул сунушка дароо макул болгон дейт. Ошентип, 8 - 9 жашында Мекенинен четке кеткен кыргыз кулуну 27 жылдан кийин кайра өз Ата-журтуна кайрылып келген.*

**1945 – 61-жылдары элибизге албан эмгек өтөп, 35 жашында Министрлер Советинин Председатели, 40 жашында Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин Биринчи катчысы болот. Ошентип, Октябрь революциясынан кийин 33 жыл өткөн соң гана Москва республикалык партиялык уюмду, демек Кыргызстанды башкаруу милдетин биринчи ирет кыргыз кулунуна ишенип тапшырган...** Төрт Ленин, эки Эмгек Кызыл Туу ордендери, Ата Мекендик согуштун биринчи даражадагы, Кызыл Жылдыз ордендери жана көптөгөн медалдар менен сыйланган.

**Ошол кездери мен Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинде инструктор болуп иштеп жүрүп, Исхак Раззаковичтин акылман, ишмер, адилет, эң таза, кадрларга, өзгөчө жаштарга камкор экенин жакындан өз көзүм менен көргөн элем.** Кызыгы, чоң-чоң жыйындарда чечендик учкул сөздөрү менен элди сөзсүз 2-3 ирет күлдүрүп, отургандардын маанайын көтөрүп коймой артыкчылыгы да бар эле. **Чыныгы Жолбашчы, нукура Көсөм эле деп ошол кишини айтуу керек!**

Айрыкча, ал элибизди түндүк-түштүккө, урук-урууларга жиктөө, жердешчилик өңдүү эски калдыктарды өтө зыяндуу илдет катары эсептеп, ага каршы күрөшкөнүн баса белгилемекчимин.

1955 – 56-жылдар болуу керек. Идеологиялык иштин абалы боюнча Кыргызстан КП БКнын чоң жыйыны өткөн. Ораторлор сөздөрүн бүткөн соң И.Раззаков корутунду сөз менен чыгып сүйлөйт. Ага берилген бир суроону ачык окуп берет. Анда "Эмне үчүн Илимдер академиясында жана партиялык-советтик кызматтарда жалаң эле Түндүк жактан, Ысык-Көлдөн келип иштеп жатышат?" - делиптир. Аягына кол коюлбаптыр. И.Раззаков күлүмсүрөп: "бул суроого жооп бербесе да болот эле. Себеби, ээси жок, колу да жок. Ошого карабастан жооп бербесек болбойт. Анткени, суроо өтө манилүү. Суроону берген адам Кыргыздын тарыхын билбесе керек. Демек, мен бир аз токтолоюн…Падышалык Россия мурда Кыргызстандын түндүк жагын каратып албады беле? Ошондой эле, Советтик бийлик да түндүк жакта мурда болбоду беле? Биринчи техникумдар, жогорку окуу жайлары да мурда пайда болбоду беле? Ошондуктан, кадрларды даярдоо ушул жактан башталбады беле?..Карагылачы, педтехникумду, медтехникумду бүтүргөн 16 –17 жаштагы балдарын путевка боюнча түштүккө кызматка жөнөтүп жатып, маңдайынан сылап, бетинен өөп, узатып жатып "жакшы иштегиле" деген ата-энелерге биз чоң рахмат айтуубуз керек ! -дегенде, залда отургандардын баары дүркүрөтө кол чабышкан. Ошентип, ал балдар окуусун бүтүп, түштүк жакка келип, билимин таратуунун натыйжасында, түштүк жактан билимдүүлөр, академик-профессорлор өсүп чыгышына мен толук ишенем", - деп өз сөзүн бүтүргөн. *("Эркин Тоо", 13-сентябрь, 2005).*

Кийин пенсияга чыкканда да И.Раззаков кичи мекени Кулунду айлына барганда бир жердеши "Сен бийликте турганда кадрларды жалаң Түндүктөн тандоочу элең", - деп, кычык сөз айтканда Искак Раззаковичтин **"Мен үчүн Кыргызстан – бир жер, бир эл !"** - деп, берген жообу элибизде учкул сөзгө айланды. Маркумдун бул сөзү бардыгыбыз, айрыкча жетекчи кадрларыбыз үчүн ураан болуп калышы керек!

* *КР БМА Ф.2735. Т.1 III бөлүк. К. 149.*

**Эми сөз Кыргызстан КП БКнын Биринчи секретары И.Раззаковдун жана Министрлер Советинин Председатели К.Дикамбаевдин адилетсиздик менен иштеринен кандайча бошотулганы жөнүндө болсун.** КПССтин тарыхый XX съездинен (ага И.Раззаков, К.Дикамбаев да катышкан) кийин өлкөдө кырдаал жакшы жагына өзгөрө баштады. Съезд союздук жана автономиялык республикалардын укуктарын кеңейтүүнү, жергиликтүү шарттар менен өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен зарыл маселелерди өздөрү чечүү үчүн аларга көбүрөөк мүмкүнчүлүктөрдү берүү керектигин белгиледи. Москва көрбөй-билбей келген жергиликтүү көйгөйлөр эми туура чечилет деген үмүт-тилектер да туулду. Кыскасы, өз алдынчалыгыбыз күчөйт деген ойго келдик. А бирок…

1961-жылдын 8 – 9-майында Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин VI пленуму болуп, ал "Эл чарбасын башкарууда жана кадрлар менен иштөөдө кетирген чоң каталары жана кемчиликтери үчүн" партиянын Борбордук Комитетинин биринчи секретары И.Р.-Раззаковду, "Министрлер Советинин ишине начар жетекчилик кылгандыгы үчүн" Министрлер Советинин Председатели К.Дикамбаевди иштеринен бошотту. Атайын айтылган официалдуу "себеп" ушул эле. Бирок, бул чечим иштен эптеп кетирүүгө, чыныгы көздөгөн максатты жашырып-жабууга курулай шылтоо гана болгон. Эмесе эл, коомчулук билсин үчүн дал ушул жөнүндө **ачыгын айталык.**

1956-жыл Кыргызстан үчүн ыңгайлуу болду. Ошол жылы пахтадан, кант кызылчасынан жана башка өсүмдүктөрдөн жогорку түшүм алынды, эт, сүт өндүрүү



*Өзбек ССРинин мамплан председателинин орун басары И.Раззаков жолдошу менен. Ташкен ш. 1940-ж.*

да бир кыйла артты. Айыл чарбасын өнүктүрүүдө жетишкен бул ийгиликтери үчүн Кыргыз ССРи 1957-ж. Ленин ордени менен сыйланды.

Кийинки жылдары деле Кыргызстан бөлөк Республикалардан эч калышкан жок. Демек, биздин жетекчилерди иштен бошотууга экономикалык себептер эмес, а курулай жала жабуулар, б.а. КПСС БКнын кызматкерлеринин аларды түшүрүү үчүн атайылап түзгөн жалган докладдары, каттары, б.а. арамдык максаттары роль ойногон. И.Раззаков менен К.Дикамбаевдин кайсы "жоруктары" жакпай калган? Алар төмөнкүлөр:

**Биринчиси:** ал "Республиканын мектептериндеги окуучулар үчүн эртең менен акысыз ысык тамак берүүлөрдү уюштуруу жөнүндөгү" партиянын Борбордук Комитети менен Министрлер Советинин биргелешкен токтому. Ага ылайык 1957-жылдын 1-октябрынан тарта 1-4-класстардын, 1958-жылдын 1-январынан тарта 1-7-класстардын окуучулары үчүн эртең менен акысыз ысык тамак берилмекчи.

**Экинчиси:** ал "Балдардын ооруларын азайтуу чаралары жөнүндөгү" Министрлер Советинин токтому. Республика үчүн бул көйгөйлүү маселе эле. Ар бир 1000 наристенин 30дан ашыгы чарчап калчу. Ошондуктан, Өкмөт энелер менен балдарды коргоо боюнча көп чараларды көргөн. Алсак, бир жашка чейинки денсоолугу начар, оорулуу наристелерди сүт аралашмалары менен акысыз тамактандырууну уюштуруу, ошондой эле майда балдардын ден соолугун чыңдоо боюнча дагы бөлөк чараларды көрүү белгиленген. Демек, бул аракеттер да чоң "күнөө" катары эсептелген.

**Үчүнчүсү:** ал "Республиканын атайын орто жана жогорку окуу жайларында кыргыз жаштарынан адистерди даярдоону жакшыртуу боюнча чаралар жөнүндө" партиянын Борбордук Комитети 1958-жылдын августунда кабыл алган токтом. Бул маселе чоң муктаждыктан, улуттук кадрларды даярдоодо кетирилип жаткан олуттуу кемчиликтерди жоюуга аракеттенүүдөн келип чыккан. Ошол кезде кыргыз жаштары өнөр жай, курулуш, транспорт багытындагы жети техникумда студенттердин 11%тин, медициналык тогуз окуу жайында 37%, беш айыл чарба техникумунда 34% гана түзгөн. Жогорку билим берүү жагдайында да ушундай эле көрүнүш болгон. Кыргыз жаштары мамлекеттик университетте 50, Фрунзе политехникалык институтунда 35, айыл чарба институтунда 12 – 20, физкультура институтунда 23, ал эми сырттан окуу бөлүмдөрүндө 8% гана түзгөн. Борбордук Комитеттин бюросу бул чоң айырмачылыкты жоюуну, улуттук кадрларды даядоону жакшыртууну көздөгөн.

Акырында, **төртүнчүсү:** ал "Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитети жана Республиканын Министрлер Совети биргелешип 1958-жылы кабыл алган "Орус мектептеринде кыргыз тилин окутуу жөнүндөгү" токтом эле. Бул жерде мен орус тилиндеги бардык мектептерде тең Улуу Ата мекендик согуш башталганга чейин эле кыргыз тили окутула баштаганын айта кетмекчимин. Ал турсун республикадагы ар бир Министрликте кыргыз тилин окутуу уюштурулган. Кыргыз тилин партиянын Бор-

бордук Комитетинин, Жогорку Советтин Президиумунун, Министрлер Советинин (Эл Комиссарлар Советинин) кызматкерлери да окуган. Ал үчүн жумасына эки сааттан убакыт бөлүнгөн. Партиянын Борбордук Комитетинде анын биринчи катчысы Алексей Владимирович Вагов баштаган атайын кыргыз тилин окуу тобу да түзүлгөн.

Согуш башталары менен орус мектептеринде кыргыз тилин окутуу токтолуп калган. Борбордук Комитетте, министрликтерде жана ведомстволордо да кыргыз тилин окутуу токтолгон. Кырдаал оор эле. Ошол себептүү 1958-жылы кабыл алынган токтом менен кыргыз тилин окутууну кайра киргизип, улуттар арасындагы достукту, өзара урматтоочулукту тарбиялоо, жаштарды интернационализм духунда өстүрүү максаты коюлган.


*И.Раззаков үй-бүлөсү, жакындары менен. Фрунзе шаары, 1951-1955-жылдар.*

Ошентип, жогоруда аталган токтомдор жергиликтүү муктаждыктан, элибизге, айрыкча жаштарга, анын ичинде жапжаш балдарга, биздин келечек муундарыбызга кам көрүү максатында кабыл алынган. Бирок, ушул токтомдорду КПСС БК мамлекеттик тартипти бузуучулук, өз көмөчүнө күл тартуучулук, кала берсе "улутчулдук" катары эсептегенине азыркы окурман таңкалаары шексиз. Бирок, заман ошондой эле, борбордун тийиштүү чечимисиз, союздук өкмөт токтом кабыл алмайынча карыш да жылмай жок болчу.

Кыргызстан КП БКнын пленумунан мурда И.Раззаковду жана К.Дикамбаевди КПСС БКнын катчысы, анын Саясий Бюросунун мүчөсү Ф.Р.Козлов Москвага чакырып алып: "Силер Союздук Өкмөттөн да жакшыраак көрүнөлүк дедиңерби? Коммунизмге баарынан мурда жетели дедиңерби?"-деп, оозуна келгенин орой сөздөр менен айтып, олураңдап, оюндагыларын чубуртуп, катуу жекиген. Бул өңдүү "далилдерге" каршы чыгыш, каяша айтыш деген кайда? Сөз уккусу келбей: "Биз силерге өмүр бою эсиңерден кеткис, силерге да, балдарыңарга да, неберелериңерге, чөбүрөлөрүңөргө да сабак болгудай, алар эч качан союздук мыйзамды бузбагыдай кылабыз" деген.

**Кыскасы, партиянын XX съездинде жана КПСС БКнын пленумдарында союздук, автономиялык республикалардын укуктарын кеңейтүү жөнүндө айтылган бардык сөздөр тек гана ооздун жели болуп калган.**

**Кийин-кийин КПСС БКнын Саясий Бюросунун мүчөсү, БКнын катчысы Нуритдин Акрамович Мухитдинов** И.Раззаков менен жолугушуп калып, Кыргызстандын жетекчилерин алмаштыруу жөнүндөгү маселе Саясий Бюродо үч ирет талкууланга괴нын, **Н.С.Хрущев көпкө чейин макул болбой койгонун,** бирок Борбордук Комитеттин аппаратынын, айрыкча **Ф.Р.Козловдун, М.А.Сусловдун** кошорлоно киришкенинен кийин гана ал макулдугун бергенин эски досу катары айтып бериптир…

Акыры иш башталды: Кыргызстан КП БКнын VI пленумунун ишине катышуу үчүн борбордон В.Н.Титов, Т.И.Осетров жана М.А.Гавриловдор жетип келишти.

1961-жылдын 8 – 9-майында Кыргызстан КП БКнын пленуму өттү. Анын иши лениндик принциптерди, партиялык ички демократияны жана партиялык турмуштун нормаларын одоно бузуу менен жүрдү. КПСС БКнын бригадасынын жетекчиси В.Н.Титов Борбордук Комитеттин бюросунун мүчөлөрүн, көп жетекчи кызматкерлерди түн бою улам бирден чакырып "башыңар болсо жакшылап ойлонгула!", пикириңерди "туура" айткыла деп коркутуп-үркүттү. Кыргызстан КП БКнын катчысы В.Н.Зайчиков да түн бою пленумдун катышуучуларын бирден чакырып, аларды "окутту". Республиканын жетекчилеринин тагдыры Москвада эбак чечилип коюлганын пленум башталганга чейин эле анын катышуучуларына айтып, айтор жаналакетке түштү. **КПСС БКдан келген бригада И.Раззаковдун өзүнөн коркушту. Эл ичинде И.Р.Раззаковдун кадыр-баркы өтө чоң болгондуктан "эгер Борбордук Комитеттин пленуму республиканын жетекчилерин иштен алууга макул болбой койсо эмне кылабыз?" - дегенчелик кылып, сарсанаага батып, жанталашышты.**

Пленумда иштердин ал-абалы жөнүндө И.Раззаков чыгып сүйлөдү, кырдаалды болгонун болгондой туура сүрөттөп өттү. Мында да өзүнө мүнөздүү чечендиги менен айткан урунттуу жерлерин олтургандар кол чабуулар менен кубаттап турушту. Бир маалда бригаданын башчысы В.Н.Титов "балакет болуп кетпесин" дегенчелик кылды окшойт, коркконунан тура калып: "Биз иштен

алганы жатсак силер ага эмне дүркүрөтүп кол чабасынар", - деп, кубара-татара сөз каткан болду. Бирок пленумдун катышуучулары И.Раззаков сөзүн бүткөндө да ал "эскертүүгө" карабай кайра катуу кол чабышты. 40тан ашык сөз сурагандардын баары сүйлөштү. Албетте, Борбордук Комитеттин мүчөлөрүн алдын ала "окутуп, ийлеп" салгандыктын таасири тийбей койгон жок. Ар бир сүйлөгөн киши артка кылчактап, ойлогон ойлорун тике айта албай жатты. Сөз жалаң гана И.Раззаковдун, К.Дикамбаевдин кетирген "каталары" менен "кемчиликтери" жөнүндө жүрдү. Ырас, сүйлөгөндөрдүн арасында калыстыгын айтууга аракеттенгендер болбой койгон жок. Бирок, КПСС БКнын көрсөтмөсүнө ачык каршы чыга алышпады. Баары бир алардын сөздөрү да ишке ашмак эмес. Өздөрү да азап чегип калмак.

Пленумда "биз Раззаковду СССРдин Мампланына которуп жатабыз", - деп, Титов айтаары менен Раззаков шыпылдай басып, Президиумдан залдагы бош орунга барып отураарда да залдагылар ага ачык эле моралдык колдоо көрсөтө катуу кол чабышты…Эки жолбашчыбыздын адилетсиз бошотулганына ичи ачышпаган адам калбаса керек…

Акыры пленум эки жетекчибизди Москванын кызылдай кыйноосу менен иштеринен бошотууга аргасыз болду. Андан кийин И.Раззаков СССР Мампланынын бөлүм башчысы, К.Дикамбаев Кыргызстандын Мампланынын Председателинин орунбасары болуп көпкө чейин ийгиликтүү эмгектеништи.

**Эмесе, Исхак Раззаковичтин көзү жумулган бүгүнкү март күнү анын арбагына таазим кылып, туулганына быйыл 95 жыл толоорун эске алуу менен ал кишиге айрым белгилүү инсандардын берген татыктуу бааларын окурмандарга учкай сунуштасам, маркумдун бейнесин алар айкыныраак элестетет деген ойдомун.**

2000-жылы 2-июнда Бишкектеги Аларча көрүстөнүндө И.Раззаковдун сөөгүн коюу аземинде **Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаев айткан эле:** ...Өзбек калкынын атактуу уулу, ошол кездеги жетекчиси Усман Юсупов анын акылмандык жана көрөгөчтүк касиетин бийик баалап, Исхак Раззаковду жалпы Орто Азиянын кашкайган лидерлеринин бири катары баасын берген. Өзбек элинин экинчи бир уулу Нуритдин Мухитдинов болсо Исхак Раззаковду эң жакын коллегасы гана эмес, өзүнүн бир тууганы катары "эки элдин ишенимдүү уулу" деп атаган экен... Улуу жазуучу Мухтар Ауэзов: "Раззаков кыргыз элинин бактысына жаралган инсан" деп баа берсе, өзбек туугандарыбыз аны "өзбек элинин кыргыз уулу" деп сыймыктануу менен аташкан... Мен эч качан Исхак Раззаков менен кездешип, бетме-бет жолукпасам да анын чыныгы патриот жана залкар инсан катары жаркын элесин дайыма ыйык тутуп, арбагына сыйынып жүргөнүмдү жашыра албайм... **Арбактын алдында кечирим суроо – улук иш.** Ачыгын айтканда, биз тирүү кезинде Исхак Раззаков жөнүндө жакшы сөзүбүздү айта албадык. Ал каза болгондо эмгегине тете татыктуу урмат-сый менен акыркы сапарга узата



*И.Раззаков жубайы менен.*
*Ташкент шаары, 1944-1945-жылдар.*

албадык. Ал эми көзү өткөн соң, бир топ жылдар ал тууралуу адилет сөздөр айтылбай келген эле. Бирок, ак ийилип сынбайт эмеспи. "Жакшыга чаң жукпайт, алтынды дат баспайт",- дейт элибизде. Эми минтип чындык өз жолунан адашпай, залкар инсаныбыздын туусу туулган жерге тигилгендей аты көкөлөп, кеч да болсо эмгегин баалап отурабыз... Исхак Раззаковдун жаркын элеси эч качан унутулбайт, анткени анын артында Алатоодой куттуу жери, эгемендүүлүктүн туусун желбиреткен эркин эли бар. Өз эл, өз жеринде эми түбөлүк жайын тапсын. Исхак агабыз арбагы менен элин, жерин колдоп, жаткан жери жайлуу болсун! *(Аскар Акаев "Менин элимдин улуулугу. Величие моего народа. Тандалмалар. Избранные речи." Бишкек, 2003).*

**...Кыргыз ССРинин мурдагы Министрлер Советинин Председатели Казы Дикамбаев:** ...Исхак Раззаков менен 35 жылдай тааныш, үзөңгүлөш болуп калдым. Биринчи ирет 1944-жылы көрүшкөм. Түркмөн ССРинин 20 жылдык маарекесине Кыргыз ССРинин делегациясын жетектеп барып кайра келатканымда Ташкенде токтолуп, мени Өзбек ССРинин Эл Комиссарлар Советинин Председателинин орунбасары Я.Ю.Алиев тосуп алып, сөз курду: Менин Исхак Раззаков деген кыргыз досум бар, кичинебизде балдар үйүндө чогуу тарбияланганбыз. Чоң-чоң кызматтарда иштеп, эми Өзбекстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин пропаганда боюнча катчысы, өтө жөндөмдүү, сонун адам, аны бүткүл өзбек эли сыйлайт, урматтайт. Усман Юсупов (Усман аке) абдан жакшы көрөт... Партиянын Ташкен обкомунун биринчи катчысы Азиз Токтобаев (1906 - 1995; Баткен облусунда Пульгон айылында туулган. - Т.И.) да кыргыз. Мурда Өзбекстандагы Янгиюл райкомунун биринчи катчысы болгон. Пахтадан мол түшүм алганы үчүн Социалист-

тик Эмгектин Баатыры болуп, ошол жактан көтөрүлүп келди... Андан кийин Исхак Раззаков менен жолугушуп, жакшылап таанышып, эзилише сүйлөштүк. Эски достордой кучакташа коштоштук... Ошол күнү мени Өзбекстан КП (б) БКнын биринчи катчысы Усман Юсупов кабыл алып: кыргыздар менин таякелерим. Чоң энем кыргыз болуптур. Менде анча-мынча кыргыздын да каны бар. Кыргыздар өздөрү да жакшы эл. Биздеги кыргыздар (тамашалай) Ташкенди "басып" алышты. Исхак Раззаков деген жигердүү, таланттуу жигит Борбордук Комитетти башкарат. Биз анын айткандарын, кеңеш-насааттарын аткарабыз. Борбордук облусубуз Ташкен обкомунун биринчи катчысы - Социалисттик Эмгектин Баатыры, улуту кыргыз Азиз Токтобаев иштейт. Ал дагы мыкты кызматкер. Кыргыздар кандай жакшы кызматтарды ээлеп алышканын көрдүңүзбү?!- деп күлө багып, агынан жарыла сүйлөдү, тике караган өткүр көздөрү мээримин төгө жайнай түштү... Мен маркум Исхак Раззаковдун сөөгүн 1979-жылы Москвада бир узатсам, 2000-жылы июнда аны өз Мекенинде биротоло Жер Энеге тапшырдым... Исхак Раззаков жөнүндө эл арасында айтылып жүргөн жогорку баалар абдан туура, өтө жетик, терең билимдүү, бай тажрыйбалуу, жаратылышынан ак дил, адамгерчиликтүү, ар нерсени алдан көргөн-сезген, көз караштардын, пикирлердин ак-карасын туура ажыраткан, кемчилик-жакшылыктарды түшүнө, кечире билген айкөлдүк касиеттерге ээ эле. Экономиканы жакшы түшүнгөн, кадрларды жакшы билген, айткан ойлору так, таамай, орундуу, татымдуу, таасирдүү болоор эле. Сөздөрүнүн курчтугу, мурчтугу менен тамшандырчу (*"Өмүр белестери" китепчеси, 2003*).

...Согуш маалы. **Кыргызстан КП (б) БКнын биринчи катчысы А.В.Вагов** бир тың чыкмабыздын "алдын алып" коюу үчүн, Өзбекстандын жетекчиси **Усман Юсуповго** телефон чалат:

- Угушубузча Сиздерде чарба иштерин жакшы билген бир кыргыз жигит бар экен. Ошону бизге жибербейсиздерби? Анда **У.Юсупов:**

- А Сиздер ал жигитке кандай кызмат бермекчисиздер? **А.В.Вагов:**

- Мампландан жооптуу орунду... **У.Юсупов:**

- Билсеңиз, ал жигиттин аты-жөнү Исхак Раззакович. Биз аны Кыргызстандын Мампланына эмес, дал Сиздин ордуңузга Биринчи катчылыкка даярдап жүрөбүз. Жиберсек ошол орунга гана жиберебиз,- деп аны катуу кагып салыптыр.

...И.Раззаков 1929-жылы Самарканддагы педагогикалык техникумду мыкты бүтүрүп, анда окутуучу боло калганда Өзбекстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин келечектеги биринчи катчысы **Шараф Рашидов** андан окуптур. Өзбекстандагы Чоң Фергана каналын куруута 1939-жылы Фергана облпланынын председатели И.Раззаков да активдүү катышкан...

...С большим чувством ответственности и гражданского мужества И.Раззаков ставит вопрос о территориальных границах союзных Республик: "...Необходимо упорядочить границы некоторых союзных республик. Совершенно недопустима существующая территориальная неразбериха, когда на территории одной союзной республики существуют территории, "островки" и "полуостровки" других союзных республик, что имеет место во Фрунзенском, Баткенском, Ляйлякском, Араванском и других



*КПСС БКнын 1- секретары, СССР министрлер Советинин председатели Н.С.Хрущев СоциалисттикЭэмгектин Баатыры, белгилүү кызылчачы К.Шопокова менен маектешүүдө. Арткы планда И.Раззаков. 1957-ж.*

районах Ошской области; в Ленинском, Ала-Букинском, Караванском, Сузакском районах Джалал-Абадской и в некоторых районах Фрунзенской областей. В свое время при размежевании республик Средней Азии учитывались только этнографические признаки населения и совершенно не учитывались экономическая целесообразность, ни целесообразность удобства управления. В настоящее время такое положение является тормозом в развитии хозяйства и культуры отдельных районов Киргизской ССР" *(Слово Кыргызстана, 28-29.10.95)*.

...Исхак Раззакович внес весомый вклад в познание древней истории народа и тем самым способствовал повышению национального самосознания и духа нашего народа,- деген Аскар Акаев Ош шаарында И.Раззаковдун туулганынын 85 жылдыгына арналган салтанаттуу жыйында. - Свидетельство этому - его встречи в 1946 году с известным ленинградским историком **А.И.Бернштамом.**



*И.Раззаков кызы Элмира уулу Эркин менен. Фрунзе шаары, 1951-1955-жылдар.*

Размышления ученого о том, что древнекыргызский каганат при Орхоно-Енисее и славный предводитель кыргызов того времени Яглахар-хан, возможно, послужил прототипом Манаса, сильно взволновали Исхака Раззаковича. После этого, по указанию Исхака Раззаковича, была выдвинута инициатива по ознаменованию "1100-летия Манаса". По понятным причинам в то время осуществление на практике этой важной идеи оказалось невозможным *(В Конце недели, 25-26.11.95)*.

...Именно при нем произошли наиболее значительные сдвиги, построены крупные заводы - сельскохозяйственного машиностроения, по выпуску металлорежущих станков, "Кыргызавтомаш" и еще два десятка аналогичных промышленных объектов… Автомагистраль Бишкек - Ош также проложена в то время *(Свободные горы. Эркин Тоо, 09.12.95)*.

... При его руководстве были созданы: Академия наук, Кыргызский госуниверситет, Политехнический институт, Кыргызский женпединститут, Ошский, Пржевальский пединституты, Кыргызский институт физической культуры и множетсво других отраслевых научно-просветительных учреждений. По личной инициативе Раззакова талантливые юноши и девушки направлялись в ВУЗы крупных центров Москвы, Ленинграда, Новосибирска, Омска и др. ...К 1958г. выходило 115 республиканских, областных и городских газет и журналов.

...В 50-х годах в республике создавались произведения во всех жанрах литературы и искусства *(В Конце недели, 25-26.11.95)*.

Исхак Раззаковдун алгачкы жардамчысы **Иван Колосов:** Стиль работы И.Раззакова был отработан и отшлифован до секунды: на работу приходил обычно к девяти часам утра, как бы долго ни заседали ночами, прием посетителей строго по записи, работа с документами строго в определенное время. Заседания бюро проводились только в вечернее время - с 9 до 12 ч. ночи. Вел заседания интересно и четко. В повестке дня регламентировал каждый вопрос в зависимости от его сложности. Документы читал быстро и накладывал резолюции собственноручно, четко и ясно, с указанием срока исполнения. Контроль за исполнением принятых решений был очень жестким... Он был настоящим государственным и дальновидным деятелем. Уже в 1956 году он смело и обоснованно ставит перед ЦК КПСС вопрос о необходимости расширения прав союзных республик в решении проблем экономики и культуры, передачи им в непосредственное управление не только отдельных предприятий, но и целых отраслей народного хозяйства... В 1957 году на XXI съезде КПСС он поставил вопрос об освоении Кара-Кечинского угольного месторождения и строительстве железной дороги. "Кара-Кечинское месторождение",- говорил он с трибуны съезда,- имеет запасы более миллиарда тонн угля, причем уголь будет добываться открытым, наиболее экономичным способом, а затраты по освоению окупятся в течение 5-6 лет". ...Люди, работавшие с ним, боготворили его и работали не "за страх", а "за совесть" *(Слово Кыргызстана, 10.10.2000; 21.11.2000)*.

**Улуу казак жазуучусу М.Ауэзов:**

- Сендер, кыргыздарым, ушундай улуу кишинин кадырына жетпей сындырып албагыла. Мен Ташкенде жүрүп, келген жетекчилердин бардыгын кыя өтпөй байкап отурдум. Алардын сүйлөгөн-турганы, маселе койгону, тамак ичкени, ал турсун бийлеп, көңүл ачкандарын да көрдүм. Бири да сендердин И.Раззаковго караандабайт!..

...Москвада чоң жыйын өтүп, Исхак Раззакович жолдоштору менен тамактанганы ресторанга кирсе, анда **А.Ю.Снечкус** (Литва КП БКнын 1-катчысы) да отуруптур. Биринчи тамакка суп берилет. Тиги кыргыздарды шакаба чеккиси келдиби, айтор, жакындай-ыктай отуруп: **- Исхак Раззакович,** правда ли говорят, что киргизы руками кушают?- дейт.

Анда **Исхак Раззакович: -** Да, да, все правда, даже суп руками кушают. Разве есть люди, которые ногами кушают?! Снечкус жаагы жап болуп, башын көтөрбөй калыптыр...

...1954-жылы **Москвада** «Мал чарбасын тездетип өнүктүрүү боюнча» КПСС БКнын пленуму өтөт. Кезектеги сөз **И.Раззаковго** берилип, ал кызуу сүйлөп жатканда **Н.С.Хрущев** чукул суроо узатат: - «Исхак Раззакович Вы там у себя в Киргизии, оказывается, вместо заготовки кормов все время кочуете с места на место. Как это

понимать?» **И.Раззаков** дароо эле: - «Никита Сергеевич, заготовка кормов и отгонное животноводство – совсем разные вещи. Такой способ ведения животноводства киргизы знают издревле, он сохранился доныне, овцы у нас тоже привычны именно к таким условиям. Главное – правильно применяя этот способ, не нужно, конечно, забывать и о загатовке кормов»,- дегенде өзүн айыл чарбасынын «устаты» катары көргөн **Н.С.Хрущев** жөнөкөй эле нерсени билбегенине ыңгайсыздана түшөт. Отургандар И.Раззаковдун сөз тапкычтыгына, тайманбастыгына ыраазы боло катуу кол чабышат *(«Великая личность», 1996)*.

...1955-жылы **Алматыда** дыһ дерлерди өздөштүрүүгө байланыштуу өткөрүлгөн Бүткүл союздук кеңешмеде кайсы республика мамлекетке канча эгин тапшыраары тууралуу сөз жүргөн. Ошол кезде Казакстан 1 миллиард пуд, Кыргызстан 10 миллион пуд эгин тапшыраары болжолдонуп жаткан. Сөз И.Раззаковго берилип, ал сүйлөп атканда **Н.С.Хрущев** адатындай эле анын сөзүн бөлө:

- Исхак Раззакович! Вот Казахстан намерен дать в нынешнем году государству 1 миллиард пудов зерна. А сколько сможет дать Киргизия?- дейт. И.Раззаков эч буйдалбай эле:

- Киргизия вместе с братским Казахстаном сдает государству 1 миллиард 10 миллионов пудов зерна!- дегенде залдагылар кыраан катккы күлүп, дүркүрөтө кол чабышканда Н.Хрущевдун өзү да күлүп жиберип, кол чапканын эски кыргыз, казак жетекчилери алигиче оозорунан түшүрүшпөйт *(бр. "Великая личность", 1996)*.

...Исхак Раззаков Өзбекстанда болсун, Кыргызстанда болсун элди, жерди бөлгөн эмес. Жердешчиликке, уруучулукка бөлүнгөндөрдү аябай жек көргөн, аларга каршы күрөшкөн *(Эркин Тоо, 15.11.95)*.

...Исхак Раззаков вложил много энергии в реабилитацию тех, кто был репрессирован в конце 30-х годов. В своем докладе на **IX съезде КП Киргизии** (март 1958г.) он говорил: ЦК КП Киргизии реабилитировал в партийном отношении (посмертно) всех членов ЦК, кандидатов в члены ЦК и членов Ревизионной Комиссии Компартии Киргизии, репрессированных в 1937 - 1938 гг. В числе реабилитированных такие видные руководящие работники республики, как Уразбеков - председатель Кир. ЦИКа, Исакеев - председатель СНК, первые секретари обкома и ЦК Аммосов и Белоцкий, секретари ЦК - Джээнбаев и Кененбаев, член партии с 1918 г. Айдарбеков, Тыныстанов и другие" *(Слово Кыргызстана, 28 - 29.10.95)*.

...1955-жылы республикабызга Ленин орденин тапшырууга **Хрущев** келген. Ошондогу чоң жыйында ал сүйлөп жаткан И.Раззаковго каадасынча эле кайра-кайра кычык суроолорду берип, бир ирет жаалдана карай: "Жолдош Раззаков, тоолорубуз бийик, кемчиликтерибиз анын далдаасынан көрүнбөйт деп турасызбы?"- дегенде **И.Раззаков** чыйрала түшүп, көтөрүңкү үн менен: "Сиз айткан бийик Алатообуз кыргыз элин байыртадан бери далай жоолордун чапкынынан, нечендеген азап-тозоктордон калкалап калган, жолдош Никита Сергеевич!"- деп тайманбай кескин жооп кайтарганда опера жана балет театрындагы жыкжыйма эл кычуулары кана кубанган *("Кыргыз Республикасынын Өкмөт башчылары" китепчеси, 2001)*.

**...И**схак Раззаков киши түгүл шыйрагы сынган койго күйүнгөн боорукердиги, балдарыбыз кыйналбай билим алсын деп, Кыргыз ССРнин Москвадагы туруктуу өкүлү **К.Качкеевдин** тынчын алган орошон камкордугу, **бир адабиятчы** алма багына асынып өлөөрүндө "Бизде бул жолдоштун да эмгеги чоң",- деп аны бейсебеп өлүмдөн сактаган көрөсөндүгү же "Борборго көчкүлө, эл санын көбөйткүлө",- деп чачкын жашаган айылдык кыргыздарды түнү менен Бишкекке көчүрүп келип, шаарды "кыргыздаштырып" жиберген патриоттугу, **Мидин** менен **Райканды** атайын чакыртып, "Сиздер кайран талантты аракка кор кылып жатасыздар!"- деп жан күйгүзө айткан агалык насааты ж.б. тарыхта алтын тамгалар менен жазылып калаар...

..."Менде жакшы мүнөз, сапат, жөрөлгө болсо, анын бардыгын Исхак Раззаковдон үйрөнгөм",- деп сыймыктанат **Күлүйпа Кондучалова.**

..."Көп тың жетекчилерди билем. Бирок, Исхак Раззаков өңдүүнү ага чейин да, андан кийин да эч көргөн жокмун. Аны билишкен бардык адамдар да ушуну айтышат... Ал адамдык касиети, ишмердиги, билимдүүлүгү жагынан Жусуп Абдрахмановдой!"- дейт, кыйла жылдар айыл чарбасын башкарган **Мукаш Өмүралиев.**

..."Жетекчинин тирүү кезинде өзүнө койгон эстелиги - ал жөнүндө элдин жакшы пикири. Исхак Раззаков ошондой жетекчи болгон!"- деп сыймыктанган эл жазуучубуз **Жунай Мавлянов.**

...Мурдагы Өкмөт башчысы **Абды Сүйөркулов:** Исхак Раззаковдун тушунда мен 9 жыл (1950 - 1958) Өкмөттүн башчысы болдум. Ал экөөбүз Кыргызстандын өнүгүшүнө жаштыгыбызды, курчтугубузду, талыкпас аракетибизди арнаганыбызга абдан сыймыктанам. Биз ал кезде "уникалдуу республика" делип даңкталчу элек. Союздан аз сурап, кайра Союздун өзүн "бер, бер" дедиртип чөгөлөтүш оңойбу?! Экономикабыздын ыйгарым менен иштеши, элдеги көтөрүңкү маанай жана "штурвалдагы" биринчи жетекчибиздин айрыкча билгич касиет-сапаттары ошентип сыймыктанууга негиз берген...

... Эл жазуучусу **Түгөлбай Сыдыкбеков:** Мен жакшы эле кыйды кишинин сырын билүүгө тырышкан кишимин. Исхактын бирөөгө кекенип, жаман ой ойлоп, бирөөгө кек сактаганын байкаган жокмун, мен ушуну айткым келет... Дагы бир сапаты – сен оозуңду ачып айткыча оюңду билип ала койчу... Жанагы советтик, партиялык аппаратта жүргөн үчүн гана жазуучулукка убакыт-чамасы жетпей калган го деп ойлойм... Өзбекстанда жүргөндө А.Чеховдой классикти өзбекче которуп, Сергей Есенинди өзгөчө кастарлаган И.Раззаков эгер адабият же искусство жаатында иштеген болсо, өмүр тагдыры кандайча уланаар эле деген кытыгылуу ой да көңүлгө урунат...

...И.Раззаков **К.Маликовго** "Сагындым кыргыз элимди, сагындым туулуп-өскөн жеримди" деген экен. Анда байбичеси: "Кыргызың сени жумуштан бошотуп жатканда бөрүлөрдөй талабады беле, алардын эмнесин сагынасың?"- дегенде ал: "Жок, андай эмес, баары бир кыргыз элимдей эл болбойт, өтө сагындым"- деген экен.

...1958-жылы **Кыргыз адабияты менен искусствосунун Москвадагы 2-декадасы** зор ийгилик менен аяктады... Анан сый тамак берилди. Исхак Раззаковичтин бийлешин суранып калышты. Исхак Раззаков Бүбүсара Бейшеналиева менен вальска түшүп кетти. Жетекчинин, айрыкча 1-жетекчинин бийлегени сенсация болду. Бийлегенде да укмуш бийлешти. Чынында мыкты бийлөөчү. Өзбекче бийлегенде өзбек туугандар өздөрү жолдо калчу *(Кыргыз Республикасынын Өкмөт башчылары, Өмүр белестери)*.

...Философ **Абдыкул Давлеткелдиев:** И никто, кроме нас самих, не виноват в том, что не смогли уберечь в республике и для республики такого бесценного человека и руководителя. Не важным оказалось его окружение. У нас был еще один руководитель его масштаба – Болот Мамбетович Мамбетов *(Великая личность)*.

...Мамлекеттик белгилүү ишмер **Кадыркул Качкеев:** И.Раззаков "кайсы жерденсиң, кайсы уруудансың, кимсиң?"- деп сурачу эмес. Ар кимдин ишине жараша гана мамиле жасачу. Элдин акыбалы жөнүндө көп сүйлөшчү. Кыргыз жаштарын чоң-чоң шаарлардан көбүрөөк окутууга далалат кылчу...

...И. Раззаковдун кийинки жардамчысы **В.И.Ноговицин:** Исхак Раззакович менен командировкага барган жерлерибизде жүрбөй калганга чейин иштей берчүбүз. Мейманкана, душ, мончо дегенди билчү эмеспиз. Кырманда, чабандын үйүндө деле түнөй берчүбүз...

**...Ж**етекчи кызматтарда иштеген **Рабия Менсеитова:** Исхак Раззакович өзбектер көбүрөөк жерде өзбекче, тажиктер көбүрөөк жерде тажикче сүйлөчү. Эл агартуу министринин бир орус орунбасары "биз орустар орус тилин ушул кишиден үйрөнүшүбүз керек",- деп калчу. Тырышып жүрүп жарым жылга жетпей эле кыргызча так сүйлөп калды. Ошентип, төрт тилде таза сүйлөчү... Ал кишинин кабыл алуусунда болгонубузда көңүлүбүз көтөрүлүп чыкчубуз, эч кимди кагып-силкип сүйлөчү эмес...

...Эл жазуучусу **Насирдин Байтемиров:** Кыргыздарга өткөндө кут эки жолу түшкөн дешет. Биринчи кут - Жусуп Абдрахманов болуп түшсө, экинчи жолку кут - Исхак Раззаков болуп түшүптүр. Бирок, түшкөн кутту кут сыягындай күтүп ала албаппыз... Исхак Раззаковичти учкан кометага салыштырам, куйруктуу жылдызга... Мындай жылдыз кылымдарда бир келсе келет, бирок келгенде да артында жапжарык из калтырат *(Асаба, 10.08.2000)*.

...Академик **Аскар Какеев:** Исхак Раззакович... кыргыз тилин орус мектептерине киргизгени үчүн, жогорку окуу жайларында кыргыз жаштарынын саны 70%га жетсин деген көрсөтмөсү үчүн ага саясий күнөө коюлган... Дал Исхак Раззаковичтин демилгеси менен жогорку окуу жайларында кыргыз жаштарынын саны 70%га жеткирилген. Кийин бул деңгээл төмөндөй баштаган *(Кыргыз Тусу, 24.10.95)*.

...Исхак Раззаков кызматтан түшкөндө ал бөлмөсүн акыркы жолу жаап, катчысы, башка жардамчылары менен акыркы жолу коштошуп, машинасына акыркы жолу отуруп, Бишкектин сыртына айдатып жөнөгөн экен. Бай-



*Кыргызстан КП БКнын мурдагы 1-секретары И.Раззаковдун сөөгүн Ала-Арча көрүстөнүнө алып келип жашыруу митингисинин катышуучулары. Бишкек шаары 2000-жыл.*

тиктин Бозбөлтөгүнө жете бергенде машинасын токтотуп, бадалды аралай басат. Убакыт өтөт. Жок. Кыраакы айдоочу артынан кокту өрдөп барса, Исхак Раззаков жерге көмкөрөсүнөн түшүп алып, балача солуктап ыйлап жатыптыр: **Кагылайын туулган жер! Бармактайыман жетим калып, башка эл, бөтөн жерде жүрүп, акыры энемди тапкандай өзүңдү таап келдим эле. Колумдан келишинче иштедим. Сенден аянаар менде жан жок эле. Бары ойдогудай болбой калса, кечир мени... Мен сени кайрылып көрөмбү? Көрсөм качан көрөм?!**

...Как-то, -вспоминает дочь **Исхака Раззакова Эльмира,**- когда мы собрались всей семьей за столом, папа сказал: "Какая жалость, если похоронять меня не на родной земле, а в Москве..." Мама, сама медик, попыталась отвлечь его от мрачных мыслей, но отец твердо повторил: "Нет, я чувствую: именно так и будет". И в самом деле, год спустя папа умер. И его похоронили в Москве" *("Слово Кыргызстана", 28.03.2000 г.)*.

**...Өзү айткан экен:** "Сөөгүм башка жерге коюлат. Өрттөтпөгүлө!" *(Кыргыз Туусу, 07-10.12.2001-ж.)*.

**...И**лим менен маданият ишмерлери Президентибиз Аскар Акаевге "Впервые в истории Кыргызской Республики на высочайшем уровне при Вашем, Аскар Акаевич, непосредственном руководстве, чутком и внимательном отношении прошло перезахоронение одной из крупнейших личностей Советского Востока, принадлежащих к числу великих сынов кыргызского народа, - И.Р.Раззакова, бывшего руководителя Кыргызской Республики, внесшего огромный вклад в становление государственности, развитие экономики и культуры!" *("Слово Кыргызстана", 09.06.2000 г.)*,- деп ыраазычылык кат жолдошкон.

**И.Раззаковду кызматынан бошоткондо ал араң гана 51 жашка чыккан. Дагы кеминде 15– 20 жылдай Д.Кунаев, Ш.Рашидовдордон калышпай ат салышууга кудурети да, эрки да, кадыр-баркы да жетишмек. Ошол кездери Республикабыздын башкы жетекчиси катары ал кишинин Союздагы аброю бөлөк республикалардын жетекчилериникинен жогору болбосо, эч кем эместей көрүнчү! Ошого бардыгыбыз сыймыктанчубуз!**

**Токтосун ИЯЗАЛИЕВ,**
**Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмери**



## Автор жөнүндө азын-оолак маалымат

Токтосун Иязалиев (БМАдагы №2735 жеке фондусунун) республикабыздын коомчулугуна кеңири таанымал – мамлекеттик жана коомдук ишмер, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген кызматкери.

Ал Кыргызстан КП БКнын нускоочусу, республиканын китеп басмаларында узак жылдар жетекчи кызматтарды аркалаган. Анын толук бейнеси Кыргыз ССРинин "Билим" коомун 17 жыл бою жетектеген жылдарда ачылган. СССРдин ар кайсы республикаларынан, ошондой эле окумуштуулардын өкүлдөрүнөн түзүлгөн пропагандисттик топторду баштап, бир канча чет өлкөлөрдө болгон. Бала күнүнөн калемгер катары республикабыздагы басма сөз беттеринде, радио эфиринде, теле экранда олуттуу маселелерди көтөргөн макалалары, публицистикалары байма-бай жарык көрүп, айрымдары Москвадан чыккан борбордук газета-журналдарда басылып, өзү маек берип жүргөн.

Тубаса илимпоз Кусейн Карасаев менен чыгармачылык байланышта болгон. Асыресе, анын көлөмдүү "Камус наама" китебин басмага даярдаган жана чыгарган. Исхак Раззаков менен катарлаш жүргөн Кыргыз ССРинин Министрлер Советинин төрагасы Казы Дикамбаевдин өмүр жолун талдап чыгып, "Өмүр белестери" китебин даярдап чыгарган. Исхак Раззаковдун (жеке фондусундагы № 148 көктөмө) турмушунан алынган публицистикасы анын дасыккан журналист экендигин айгинелейт. Көп китептин автору.

Токтосун Иязалиев ошону менен бирге устат, котормочу жана жаштардын нускоочусу.